3. Среднесрочная стратегия развития микрофинансирования в Кыргызской Республике на 2012–2015 годы.
4. Материалы конференции «Занятость в Кыргызской Республике: проблемы и политический выбор» Министерство труда, занятости и миграции КР, Центр общественных инициатив. г. Бишкек 2011 г.
5. Материалы пресс-службы Министерства труда, миграции и молодежи КР г. Бишкек 2012-2017 год.

**Рецензент:** д.э.н., проф. Камчыбеков Т.К.

УДК 339.142(575.2):333333.99924

**Якупова Н. М.**
И. Раззаков атындагы КМТУнун «Экономика жана каржы» минбарынын окутуучусу

## ЕВРАЗИЯЛЫК ИНТЕГРАЦИЯ АЛКАГЫНДАГЫ КЫРГЫЗСТАНДЫН НЕГИЗГИ ЭКОНОМИКАЛЫК ӨНӨКТӨШТӨР МЕНЕН ТОВАР АЛМАШУУСУ

*Азыркы учурда, баардык өлкөлөр глобалдашуу мезгилинде. Ар бир өлкө өз алдынча баардык товарларды толугу менен өндүрүүгө алы жетпейт. Ошондуктан, эл аралык кызматташуунун негизги ролу товар алмашуу, базар системасын өнүктүрүү, ресурстарды эффективдүү колдонуу. Эл аралык өнөктөшүүнүн максаты экспортту, соода балансын, экономиканы чыңдоого багытталат. Кыргызстан товар алмашуу системасында башка өлкөлөр менен тыгыз иш жүргүзүүдө, андыктан тандалып алынган тема өтө актуалдуу.*

**Негизги сөздөр:** *глобалдашуу, товар, өндүрүш, эл аралык кызматташуу, базар системасы, ресурс, экспорт, соода балансы, экономика, товар алмашуу*

**Якупова Н. М.**
Преподаватель кафедры «Экономика и финансы» КГТУ им. И. Раззакова

## ТОВАРООБОРОТ КЫРГЫЗСТАНА С ОСНОВНЫМИ ЭКОНОМИЧЕСКИМИ ПАРТНЕРАМИ В РАМКАХ ЕВРАЗИЙСКОЙ ИНТЕГРАЦИИ

*В современных условиях, когда набирает силу глобализация, ни одна страна не в состоянии самостоятельно производить весь спектр необходимой продукции. Таким образом, роль международного кооперация заключается в том, что оно позволяет осуществлять обмен товаров, развитие рыночной системы, эффективное использование ресурсов. Цель международного сотрудничество увеличение экспорта, сальдо баланса, развития экономику. В данной время Кыргызстан тесно сотрудничает с международными странами для улучшение обмена товарами. Поэтому выбранная тема является актуальной.*

**Ключевые слова:** *глобализация, товар, производство, международное сотрудничество, рыночная система, ресурс, экспорт, торговый баланс, экономика, обмен товаров*

**N. Yikupova**
Teacher of the department "Economics and Finance" KSTU. I. Razzakova

## COMMODITY TURNOVER OF KYRGYZSTAN WITH THE MAIN ECONOMIC PARTNERS WITHIN THE EUROASIAN INTEGRATION

*In modern conditions, when the gathering momentum of globalization, no country is not able to produce the whole range of necessary products. Therefore, the role of international cooperation is that it allows the exchange of goods, the development of the market system, the efficient use of resources. The objective of the international cooperation of the increase in exports, the balance of*

*the balance, the development of the economy. At this time, Kyrgyzstan is working closely With countries to improve the international exchange of goods. Therefore, the chosen theme is relevant.*
**Keywords:** globalization, commodity, production, international cooperation, market system, resource, exports, trade balance, economy, exchange of goods

Дүйнө жүзүндө экономикалык байланыштар, тактап айтканда товар алмашуу системасы XX-кылымдын экинчи жарымынан баштап өнүгүү жолунда. Рынок экономикалык системасы экономикалык өнөктөштүктөрдүн түзүлүүсүнө кенири жол ачты. Ар бир мамлекет өз жарандарын товар менен толук камсыз кылуу максатында, чет өлкөлөр менен товар алмашуу багытында иш-аракеттерди жүргүзөт. Албетте бир өлкө баардык товарларды толугу өндүрүүгө күчү жетпейт, ошондуктан башка мамлекеттер менен алака түзүүгө туура келет, экономиканын өнүгүүсүнө тышкы соода өтө чон таасир экени баарыбызга белгилүү. Тышкы соода – бул товарларды, кызмат көрсөтүүлөрдү, маалыматтарды, ощондой эле интеллектуалдык иштин натыйжаларын, анын ичинде аларга болгон өзгөчө укуктарды жана эл аралык товар алмашуу иштерин жүргүзүүдө. Товарларды кенири сатуу жана сатып алуу максатында ар кандай зоналар түзүлүүгө аракеттер жасалуда. Жалпыга белгилүү болгондой глобалдашуу, прогресс учурунда экономикалык байланыштар дүйнөлүк сооданын өнүгүүсүнө чон таасир тийгизет.

**Кыргыз Республикасы дүйнөлүк соода уюмуна 1998-жылы** кирип ошондон тартып Кыргызстандын тышкы соода саясаты өнүгүүдө. Натыйжада өкмөт милдеттенмелерди өз мойнуна алып, кээ бир товарларга тарифтик ставкаларды азайтууга киришкен. Ушунун негизинде Кыргызстанда бир катар «нөлдүк» келишимдер түзүлгөн. Кыргыз Республикасы эгемендүүлүгүнө ээ болгон мезгилден тартып бүгүнкү күнгө чейин башка өлкөлөр менен экономикалык байланыштарды, товар алмашуу жана башка өнөктөштөр менен мамилеси уланып келүүдө. Азыркы учурда Кыргызстан дүйнөдө көпчүлүк өлкөлөр менен дипломатиялык жана башка мамилелерди иштеп чыгууда. Практикалык жана маанилүү мазмуну, эл аралык, дүйнөлүк жана регионалдык уюмдар менен өлкөнүн кызматташтыгын талап кылынат. Кыргыз Республикасынын тышкы саясатын байытып жана системанын озгортүү максат катары каралууда. Ошол эле учурда, дүйнөлүк экономиканын жараянына тартылган Кыргызстандын пост-СССР мейкиндикке жуурулуштуруу долбоорлор менен иштеп келүүдө. 1995-жылы Кыргыз Республикасынын кийинчерээк экономикалык шериктештигинин айланып Бажы биримдиги жөнүндө макулдашууга кошулду. 2011-жылдын октябрында, өлкө КМШ алкагында эркин соода аймагы тууралуу Макулдашуунун катышуучусу болуп калды. Бажы союзуна Кыргызстандын катышуусу өз өнөктөштөрү менен региондук экономикалык топтордо ынак мамиледе болууга жол берген. 2015-жылдын жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасы дүйнөлүк соода коомдоштуктагы 140 ашуун өлкөлөр менен соода алакасын кирди. Кыргыз Республикасынын тышкы соода жүгүртүүсүнүн жалпы көлөмү менен Бажы Биримдигине кирген өлкөлөрдүн салыштырма салмагы экспорттун, анын ичинде 40,7% түздү - 27,8% (анын ичинде алтын), 44% (алтын эмес) жана импорт - 44,9%. Кыргыз Республикасынын товар алмащуусунда эн чон салыштырма салмагын Россия ээлейт - 27,1%, андан кийин Казакстан - 11,9% жана Белорусия 1,6% гана түзөт.




Кыргыз Республикасынын соода режими КМШ өлкөлөрүндө либералдуу болуп саналат. Кыргызстандын башкы өнөктөштөрүнүн катарына Кытай, Турция, США, Германия, Швейцария, Великоритания, Казахстан, Өзбекистан, Белоруссия, Украина, Россия жана башкалар. Кыргызстан экпортоо боюнча мамлекеттер арасында 148-орунду ээлейт.

Бүгүнкү күндө Кыргызстан экспорт жаатында биринчи орунда алтынды Швейцария, Гонконг, Улуу Британия, АКШ, Австралия өлкөлөрүнө экпорттойт. Экинчи орунда радиоактивдүү химикаттар турат, аларды Россия, Казакстан, Канада, Нидерландия, Кытай, Түштүк Корея өлкөлөрүнө экспорттойт. Ар кандай жездин түрлөрүн АКШ, Германия, Япония жана башка мамлекеттерге экспорттойт. Кургатылган мөмө жемиштерди Бирма, Кытай, Турция, Россия, Индияга экспорттойт. Баалуу металдардын рудалары аларын ичине алтын, күмүш, платина кирет алар негизинен Австралия, Россия, Мексика өлкөлөрүнө экспорттолот. Бүгүнкү күндө женил өнөр жайында тигилүүчү кийимдер да экспорттун бир багыты болуп келүүдө. Негизинен алганда коншу өлкөлөргө Казакстан, Өзбекстан, Россия, Турция мамлекеттерине экспорттоо уланууда. Ал эми Кыргызстанга келүүчү импорттук товарлар: энергетикалык ресурстар, мунай, жер семирткичтер, химиялык продуктулар,автомобильдер , машина жабдууларын жана башкалар кирет. Медикаменттер: Грузия, Молдава, Россия, Австрия, Болгария, Германия. Алкоголь ичимдиктери: Азербайджан, Россия. Автомобиль бензини: Казахстан, Россия. Дизель отуну: Казахстан, Россия. Түстүү металдар: Казахстан,Турция, Россия. Таш көмүр: Казахстан. Автомобиль тетиктери: Россия, Бельгия, Турция. Кант: Австрия, Россия, Бельгия, Турция, Казахстан, Узбекистан. Автомобильдер: Болгария, Германия, Италия, Корея, Нидерланды.



3

**Тышкы соодадагы негизги проблемалар:**

- Кыргызстандагы өндүрүдгөн товарлардын Россия жана Казахстанга эле багытталып чет өлкөлөргө экспортоо жок болгондугу. (Алтындан башка).
- Тышкы соода тууралуу маалымттын аз болгону, инфрструктура сапатынын начарлыгы.
- Финансы ресурстарынын жетишсиздиги.
- Ата мекендик товарларга болгон рекламанын жоктугу.
- Тышкы соодага чыгуудагы барьерлердин көптүгү.
- Чет мамлекеттер менен кызматташуунун аздыгы.
- Кыргызстандын реэкспорттук борборго айланышы, Кытайдан келген товарларды кайрадан эле Россия менен Борбордук Азияга жөнөтүүсү.
- Товарларды өндүрүүгө иштеле турган продукциялардын жоктугу.
- Өндүрүлгөн продуктулардын стандартка туура келбещи. Туура келсе да аны тастыктоочу лабараториялардын жоктугунан улам өндүрүүчүлөр өз товарларын экспорттоого тосколдуктар болууда.
- Кайра ишетүүчү завод, фабрикалардын жоктугу мисалы, биздин өлкөдө сырье бар, тилекке каршы аны кайра иштетип товарга айланууга техника каражаттарыбыздын жоктугунан биздин өлкөдө чыгарылган сырье башка мамлекетке экспорттолуп, кайрадан даяр товар болгондон кийин, бизге импорт болуп кирүүдө.

**Тышкы сооданы өнүктүрүү.** Тышкы соодадагы экспорттук секторду өнүктүрүүдөгү артыкчылык төмөнкүлөр:техниканы өнүктүрүү, илим тармагын, агро- өнөр жай комплексин, патенттик-лицензиялык сооданы өнүктүрүү, улуттук валютаны стабилдүү кармоо, товарлады европа жана дүйнөлүк стандарттарына жооп берүүсүнө шарт түзүү, өлкө ичиндеги экономикалык туруктуулук баарынан маанилүү. Тышкы соода тармагын өнүктүрүү багытында узак мөөнөттүү келишимдерди башка мамлекеттер менен түзүү керек. Жеке ишкерлерге экономикалык жактан ыңгайлуу шарттарды түзүү, алардын ичине салыктык каникулдарды, льготаларды, төмөндөтүлгөн насыяларды берүү жана башка иш чараларды жүргүзүү аркылуу мамлекет өз өндүрүүчүлөрүнүн өнүгүүсүнө өбөлгө түзөт [4]. Андан тышкары мамлекеттин карамагында болгон чон фабрика, завод, кайра иштетүүчү ишканаларды курса, жумушсуздук маселеси да чечилмек, миграциянын саны кыскармак,

[3] Внешнеэкономические связи Кыргызстана С.Савина Бишкек 2015

айтор мамлекетибизде аз да болсо өзгөрүүлөр болмок. Жыйынтыктап айтканда бүткүл дүйнө жүзү боюнча ар бир мамлекет товар алмушуу процессине катышат. Эл аралык ар кандай соода зоналарынын аткарган кызматтары аябай чон мааниге ээ, анткени товар алмашуу системасы экономиканын өсүп өнүгүүсүнө түрткү берет. Импорт жана экспорттун ортосундагы айыма сальдону түзөт, эгерде мамлекеттин экспортту импорттон көп болсо анда сальдо он болот, тескери импорт экспорттон көп болсо анда сальдо терс минус болот. Демек биздин мамлекеттин соода балансына көз чаптырсак анда терс сальдо экенин байкайбыз.

Андыктан өлкө ичинде импорт менен экспорттун айырмасына көнүл буруу абзел. Менин жеке пикирим боюнча товар алмашуу системасы болбосо анда мамлекетте дефициттик товарлар көп болуп, товарлардын наркы да кезкин түрдө көтөрүлүп кетмек. Кыргызстан 1990-жылдан бери эркин соодага түздөн-түз катышып бул аралыкта ата-мекендик товарлар азда болсо дүйнө жүзүнө белгилүү боло баштады. Эн негизгиси тышкы сооданы бекемдөө менен биргеликте эконикабыздыу стабилдүү өнүгүүсүнө шарт түзүү. Төмөндөгү маселелердин баары чечилсе, мамлекет активдүү товар алмашуу процессине катышып, өндүрүүчүлөрүбүзгө эркин соодага чыгуу шарт түзүп берсек, лабораториялар курулса, экспорттун көлөмү импорттон жогору болуп дүйнөлүк соодада өз ордубузду таап, атаандаштыкка туруктуу болгон биздин бюджет туруктуу болот.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Внешнеэкономические связи Кыргызстана С.Савина Бишкек 2015
2. Рынок экономикасынын негиздери Баялиев Т.Р Бишкек 2015
3. Аналитический обзор Министерства экономического развития России о состоянии и перспективах развития торгово-экономических связей с Киргизской Республикой, 2015 год.
4. Анисимов, А.М. Комментарий к оценке экономического эффекта присоединения Кыргызской Республики к Таможенному союзу ЕврАзЭС. Евразийская экономическая интеграция, № 4(13), ноябрь 2011
5. Информационные материалы новостного агентства Коммерсант, 2015
6. Информационные материалы новостного агентства Акипресс (Киргизия), 2015
7. Информационные материалы новостного агентства Кабар (Киргизия), 2015
8. Исследование Программы развития ООН – Отчет о человеческом развитии за 2015 год. (Human Development Report, United Nations Development Program, 2015)
9. Кондратьева, Н.Б. Таможенный союз ЕврАзЭС движется по стопам ЕС. Актуальные проблемы Европы. 2011. № 2.
10. Справочные материалы Национального статистического комитета Кыргызской Республики
11. www.stat.kg
12. www. nbkr.kg

**Рецензент: д.э.н., проф. Джумабаев К. Ж.**